И. К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ

Б. Н. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ

ЭЛ АРАЛЫК ЖОГОРКУ МЕДИЦИНА МЕКТЕБИ

Д 14.21.637 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 612.824.3(23.03)

ШУВАЛОВА МАРИЯ СЕРГЕЕВНА

БИЙИК ТООЛУУ АЙМАКТА ЦЕРЕБРАЛДЫК БУЗУЛУУЛАРДАГЫ БАШ МЭЭНИН КАН ТАМЫРЛУУ ЧИЕЛЕНИШИ ЖАНА МИКРОЦИРКУЛЯЦИЯСЫ

03.03.01 – физиология

Медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

Бишкек - 2022

Иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын бийик тоолуу физиология жана медицина институтунун физиология жана психология ишмердүүлүгү лабораториясында аткарылган.

Илимий жетекчи: **Шаназаров Алмаз Согомбаевич**
медицина илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык жогорку медицина мектебинин интеграцияланган илим-изилдөө борборунун директору

Расмий оппоненттер: **Тухватшин Рустам Романович**
медицина илимдеринин доктору, профессор, И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын патологиялык физиология кафедрасынын башчысы

Мамытова Эльмира Миталиповна
медицина илимдеринин доктору, доцент, ЮРФАнын нур диагностикасы борборунда дарыгер-невропатолог

Жетектөөчү мекеме: Санкт-Петербург мамлекеттик педиатриялык медициналык университети, нормалдуу физиология кафедрасы (194100, Россия Федерациясы, Санкт-Петербург ш., Литовская көч., 2)

Диссертацияны коргоо 2022 жылдын 14-июнунда саат 14^{00}до медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети жана Эл аралык жогорку медициналык мектебине караштуу Д 14.21.637 диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт. Дареги: 720020, Бишкек шаары, И. К. Ахунбаев көчөсү, 92. Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференциянын шилтемеси https://vc.vak.kg/b/d_1-k9i-rma-9tg

Диссертациялык иш менен И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (720020, Бишкек ш., Ахунбаев көч., 92), Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев көч., 44) жана Эл аралык жогорку медициналык мектебинин (720054, Бишкек ш., Интергельпо көч., 1Ф) китепканаларынан жана https://www.vak.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 13-майында таркатылган.

Диссертациялык кеңештин илимий катчысы,
медицина илимдеринин кандидаты, доцент А. Б. Сайдылдаева

ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жүлүн-мээ суюктугунун продукциясынын татаал процесси адекватуу церебралдык микроциркуляциясында гана мүмкүн болот. Ата мекендик окумуштуулардын фундаменталдык эмгектери [М. М. Миррахимов, 1977; Г. С. Джунусова, 2013; Э. М. Мамытова, 2016; М. В. Балыкин, 1995; Р. Р. Тухватшин, 2018; Ю. Х-М. Шидаков, 2019] бийик тоолуу шарттардагы микроциркуляция статикалык бойдон кала берерин, биометриялык басымдын өзгөргөн параметрлерине, жутуп жаткан кычкылтектин болушуна жана аба ырайынын шарттарына активдүү түрдө адаптация болорун далилдешет. Айбанаттардын бийик тоолуу гипоксиялык гипоксияга адаптациясынын негизи болуп физиологиялык системалардын чыңалуу жолу менен гомеостазды аныктоосу эсептелет [С. Б. Данияров, 1977; А. А. Айдаралиев, 1978; А. С. Шаназаров, 1999; А. Г. Зарифьян, 1982; Б. К. Тыналиева, 1990; Г. С. Джунусова, 2013]. Мында анын биологиялык жактан канчалык бекем болуп, бул адаптациянын баасы көрүнбөй кала берет. Физиологияда бул феноменге баа берүү үчүн көбүн эсе энтропияны түзүүгө багытталган – структуралык жана ультраструктуралык деңгээлинен баштап дээрлик айбандардын жүрүм-турумдук реакцияларына жана ишке жөндөмдүүлүгүнө чейинки ар кандай эксперименталдык моделдер колдонулат [И. Е. Кононец, 1999].

Белгилүү болгондой, адаптациялык мүмкүнчүлүктөрдүн бузулушу, тагыраак айтканда микроциркулятордук дисфункциясы цитотоксиялык иондук, вазогендик шишиктердин, гематоэнцефалиялык тосмонун жана геморрагиялык конверсиянын бузулушунун андан ары өнүгүп кетишинин негизинде болот [J. Simard ж.б., 2021]. Мында микроциркулятордук нугунун ремоделдештирүүсү баш-сөөк-мээнин травмасынын жана баш мээнин ишемиясынын клиникасынын, дарылоосунун жана божомолдоосунун негизинде болот.

Бул көйгөйдүн актуалдуулугуна жана маанилүүлүгүнө карабастан бийик тоолуу шарттарда коллатериалдык кан айлануудагы баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана церебралдык кан айланышынын макро- жана микроподсистемаларын ремоделдештирүү маселелери ачылбаган бойдон калууда. Нейропротективдүү каражаттардын таасириндеги өзгөрүүлөрдүн реституциясы тууралуу маселе курч бойдон калууда.

Акыркы жыйырма жылдын ичинде сульфонилмочевинадан алынган генерациясынын экинчи өкүлү – глибенкламиддин нейропротективдүү мүмкүнчүлүктөрү эксперименталдык жана клиникалык изилдөөдөн өтүп жатат. Бул убакыттын ичинде кадимки эле шарттарда жашоодогу ишемияда жана баш сөөк-мээ травмасында баш мээнин клеткаларынын SUR1-TRPM4 каналдарынын ингибирдештирүүсүндө препараттын катышуусу аныкталды.

Ошол эле учурда бийик тоолуу аймакта коллатериалдык кан айлануудагы баш мээнин микроциркуляциянын жана кан тамырлуу чиеленишинин компонеттерине глибенкламиддин таасири тууралуу маалыматтар жок.

Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги изилдөө иштери менен байланышы. Изилдөө Россия Федерациясынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Кыргыз-Россия Славян университетин өнүктүрүү программасынын алкагында «Тоолуу травматология: дарылоо, кабылдоолордун алдын алуусу» 2.3.3. долбоорунун бөлүгүндө өткөрүлдү (2017-жылдын 10-июлундагы №351-П буйрук).

Изилдөөнүн максаты. Бийик тоолуу шарттарда бул структуралардын функционалдык ашыра жүктөлүшүндө (церебралдык бузулууларда) глибенкламиддин таасирлери жана баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана микроциркуляциянын ремоделдештирүүсүнүн физиологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо.

Изилдөөнүн милдеттери:

1. Бийик тоолуу шарттарда интакттык келемиштердин баш мээсинин кан тамырлуу чиеленишинин карынчаларынын, кан тамырлуу нугунун макро- жана микроциркуляциясынын подсистемаларынын, баш мээнин электролиттик гомеостазынын, жүрүм-турумдук активдүүлүгүнүн жана ишке жөндөмдүүлүгүнүн физиологиясын изилдөө.

2. Жапыз жана бийик тоолуу аймактарда баш мээнин ткандарынын электролиттик составынын жана жүрүм-турумдук активдүүлүгүнүн өзгөрүшүнүн, коллатериалдык церебралдык кан агуусунда (жалпы уйку артериялардын билатериалдык окклюзиясында) баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин физиологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

3. Бийик тоолуу аймакта электролиттик гомеостаздын жана жүрүм-турумдук активдүүлүктүн өзгөрүүлөрү менен алардын байланышын табуу, баш сөөк-мээ травмасынан келип чыккан коллатериалдык церебралдык кан агышындагы баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин өзгөрүүлөрүн аныктоо.

4. Бийик тоолуу аймакта коллатериалдык кан айлануудагы (ишемиянын жана баш сөөк-мээ травмасынын) баш мээнин макро- жана микроциркулятордук подсистемаларын ремоделдештирүүнүн өзгөчөлүктөрүн ачуу.

5. Бийик тоолуу аймакта церебралдык бузулууларды тууралоодо баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана микроциркуляциянын кан тамырлуу жана клеткалык компонентине глибенкламиддин таасирин билүү.

Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы. Баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин кан тамырлуу тору баш мээнин микроциркулятордук нугуна караганда субтоталдык ишемияга башкача таасирин тийгизет, ал эми

эпендимоциттердин гиперфункциясы ички клеткалык ылайыкташып кетүүчүлүк реакция катары таасир берери биринчи жолу аныкталды. Баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин кан тамырлуу торунда артериоло-венулярдык анастомоздор активдешет, тутумдаштыргыч ткандык стромасынын шишигинин өнүгүп кетишинин тобокели төмөндөйт; капиллярдык нуктун сыйымдуулугу жогорулайт. Баш мээдеги микроциркулятордук нугунда кандын реологиялык өзгөрүшү менен бириктирилген типтеги кан тамырлардын түзүлүшү басымдуу болот.

Бийик тоолуу шарттарда баш мээнин ишемиясында кан тамырлуу чиеленишинин эпендимиалдык кабынын жоондошу жана эпителийдин апикалдык жана базолатериалдык катмарларынын кеңейиши болору биринчи жолу аныкталды. Баш мээнин тканында 2 эсеге K^+ иондорунун бир мезгилдүү эквиваленттүү эмес көбөйүшүнүн интакттуу айбандар менен салыштырмалуу Na^+ тун деңгээли жогорулайт.

Бийик тоолуу шарттардагы баш-сөөк-мээсинин травмасы резервдик капиллярдык нугунун активдүү ачылышына, вазомициясынын күчөшүнө, баш мээнин карынчаларынын эпендимиалдык салынышынын катмарланышы менен ликвороэнцефалиялык тоскоолунун бузулушуна алып келиши биринчи жолу аныкталды.

Глибенкламид гемореологиялык өзгөрүшүнүн өнүгүп кетишине жол бербейт жана жапыз тоолуу аймактарда цитотоксикалык жана вазогендик шишиктердин көрүнүп калышын азайтуу менен баш мээнин ткандарында Na^+ тун деңгээлин төмөндөтөт. Бийик тоодо препарат Na^+ тун баш мээнин тканына киришин кескин азайтат жана баш мээнин тканында K^+ тун деңгээлин жогорулатат, метаболизмди нормалдаштырат, клеткалардын «капысынан болгон некротикалык өлүмүн» төмөндөтөт.

Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү. Бийик тоого көнүүнүн курч стадиясында жүргөн айбанаттарда баш мээнин микроциркулятордук нугунун адаптивдүү реакциялары аныкталат. Коллатералдык кан айлануусунун моделдерин кайрадан көрсөтүү жолу менен микроциркулятордук нугунун функционалдык ашыкча жүктөлүшүн түзүү бул кайрадан түзүлгөндөрдүн тереңдигин баалай алууга жардам берет.

Эксперименттеги келемиштердин микроциркулятордук нугунун иштешине глибенкламиддин оң натыйжасын каттоо бийик тоодо пайда болгон церебралдык бузулууларды дарылоодо препараттын клиникалык андан аркы текшерүүлөрүнө өтө маанилүү болот.

Глибенкламидди дарылоо практикага киргизүү жана клиникалык сыноолор церебралдык кан айлануунун бузулууларын дарылоодо мамлекеттин жана пациенттердин кымбат баалуу дары-дармектерге жана хирургиялык кийлигишүүлөргө чыгымдарын кыскартат.

Иштин натыйжалары Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин нормалдуу физиология кафедрасынын окуу процессине киргизилген жана «Борбордук нерв системасынын физиологиясы» темасы боюнча практикалык сабактарында жана ошондой эле Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин гистология, эмбриология жана цитология кафедрасында колдонулууда. Диссертациялык иштин материалдары «Нервдик ткань» темасын өтүп жатканда баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана микроциркулятордук нугунун гистологиясын 2 курсунун «Дарылоо иши» жана «Педиатрия» адистиктеринин студенттеринин кабыл алуусунун натыйжалуулугун жогорулатат.

Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:

1. Бийик тоолуу шарттарда баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин функцияланышы жана микроциркуляциянын деңгээлинин мүнөзү кан тамырлуу нугунун ремоделдештирүүсү жана кан тамырлуу чиеленишинин клеткалык компонентинин, ошондой эле электролиттик балансынын өзгөрүшү менен белгиленет.

2. Бийик тоолуу аймакта церебралдык бузулуулар артериолдордун жылчыгынын түйүлүшүнө жана изилденип жаткан айбандардын тобунун жүрүм-турумдук активдүүлүгүн басаңдатып, шишиктик көрүнүштөрдүн өнүгүшүнүн ылдамдыгынын жогорулашы менен артериолдук-венулярдык анастоздордун активдешүүсүнө алып келет.

3. Глибенкламиддин натыйжасы айбанаттардын кан тамырлуу нугунун, гемореологиянын жана кан тамырлуу чиеленишинин эпендимоциттеринин, электролиттик алмашуусунун, жүрүм-турумдук активдүүлүгүнүн жана ишке жөндөмдүүлүгүнүн таасири менен байланыштуу болот.

Изденүүчүнүн жеке салымы. Изилдөөнүн ыкмалары изденүүчүнүн жеке өзү тарабынын аныкталды, айбандарды тандоо жүргүзүлдү жана жапыз жана бийик тоолуу аймактарда эксперименттердин сериялары аткарылды. Андан кийинки маалыматтарды алуу жана анын статистикалык иштелип чыгарылышынын биологиялык материалын алуу өткөрүлдү.

Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо. Диссертациялык иштин негизги жоболору «Экологиялык алдын алуу, ден соолукту жакшыртуучу жана спорттук-машыктыруучу технологиялар» аттуу II Эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Балашов, 2018); «Адамдын тоолуу чөйрөдө жашоосу жана тиричилик иш-аракети» аттуу Бишкек секциясында (Бишкек, 2018); Ульянов мамлекеттик университетинин 30-жылдыгына арналган «Адамдын медициналык-физиологиялык көйгөйлөрүнүн экологиясы» эл аралык катышуу менен VII Бүткүл Россиялык конференциясында (Ульяновск, 2018); «АВИЦЕННА–2019» студенттердин жана жаш окумуштуулардын эл аралык катышуулары менен X Россиялык (жыйынтыктоочу) илимий-практикалык конкурс-конференциясында

(Новосибирск, 2019); И. М. Сеченовдун туулганынын 190 жылдыгына жана И. П. Павловдун туулганынын 170 жылдыгына арналган студенттердин, ординаторлордун жана аспиранттардын конференциясында (Бишкек, 2019); «XXI кылымдын медициналык илими. Келечектин көз карашы» Ташкент медициналык академиясынын уюшулганынын 100 жылдыгына арналган Ташкент медициналык академиясынын жаш окумуштуулардын Эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Ташкент, 2020) баяндалып талкууланды.

Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы. Диссертациялык иштин темасы боюнча 17 илимий эмгек басылып чыкты, алардын ичинен 9 макала Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы рецензияланган журналдарында, 2 макала РИНЦ системасы менен индекстелген чет өлкөлүк журналдарда, 1 окуу куралы жана 1 монография.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү. Диссертациялык иш терилген тексттин 148 бетинде берилди жана киришүүдөн, адабияттын серебинен, усулдук баптан, жекече изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын бабынан, тыянактардан, практикалык сунуштамадан, орус тилиндеги 116, англис тилиндеги 139 булакты камтыган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иш 28 таблица, 40 оригиналдуу фотосүрөт, 15 диаграмма сүрөт, 6 формула менен иллюстрацияланган.

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөө темасынын актуалдуулугу, аны өткөрүүдөгү зарылчылыгынын негизделиши, максаты, маселелери, илимий жаңычылдыгы, иштин практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү жана коргоого коюлуучу диссертациялык иштин негизги жоболору көрсөтүлдү.

1-бап. Адабий серепте бийик тоолуу аймактын факторлорунун таасиринде жана кадимки эле жашоонун шарттарында баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана микроциркуляциясынын функцияланышы тууралуу маалыматтар көрсөтүлгөн, жапыз жана бийик тоолуу аймактардагы церебралдык бузулууларда бул түзүмдөрдүн абалына заманбап көз карашы өзгөчө белгиленет; баш сөөк-мээ травмасынын жана баш мээнин ишемиясынын кабылдоолорун алдын алууга принципиалдык мамилеси анализденет.

Бул түзүмдөрдүн иш аракетинин продукту болгон секреттин эмес, баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин кан тамырлуу жана клеткалык-стромалдык компоненттердин материалдык негизи катары эсептелген адаптациялык кайрадан курулушу каралат.

2-бап. Методология жана изилдөө ыкмалары. Эксперименталдык кийлигишүүлөр "Россия Федерациясындагы лабораториялык практиканын эрежелерине "Ылайык жүргүзүлдү (№267 2003-жылдын 19-июнунунан РФнын ССМнин буйругу) жана айбандарды коргоо тууралуу Европа конвенциясына (ЕЕСтин 86/609 директивасы) ылайык ишке ашты. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министирлтгине караштуу локалдык этикалык кмитети тарабынан изилдөө протоколу жактырылган.

Изилдөөнүн объектиси - Баш мээнин субтоталдык ишемиясы жана баш-сөөк-мээнин травмасы менен церебралдык бузулуулары менен экспериментте түзүлгөн 210-290 г салмагындагы 106 ак эркек-келемиштер (2.1.1-таблица).

2.1.1.1-таблица – Эксперименттеги айбандарды бөлүштүрүү

Сериялар	
Жапыз тоолуу аймак (Бишкек ш., деңиз деӊ.760 м)	**Бийик тоолуу аймак** (Туя-Ашуу, деңиз деӊ.3200 м)
Топтор	
I топ – интакттык айбандар	Ia – топ–интакттык айбандар
II топ – баш мээнин субтоталдык ишемиясы менен айбандар	IIa топ – баш мээнин субтоталдык ишемиясы менен айбандар
III топ – глибенкламид менен коррекциялоодогу баш мээнин субтоталдык ишемиясы менен айбандар	IIIa тобу – глибенкламид менен коррекциялоодогу баш мээнин субтоталдык ишемиясы менен айбандар
IV топ – баш сөөк-мээ травмасы менен айбандар	IVa тобу – баш сөөк-мээ травмасы менен айбандар
V топ – глибенкламид менен коррекциялоодогу баш сөөк-мээ травмасы менен айбандар	Va тобу – глибенкламид менен коррекциялоодогу баш сөөк-мээ травмасы менен айбандар

Изилдөөнүн предмети: функционалдык ашыра жүктөөдө баш мээнин капталдуу карынчаларынын жана макро-микроциркулятордук подсистемаларынын, III, IV кан тамырлуу чиеленишинин айбанаттарга экспериментинде изилдөө.

Айбандардын бийик тоолуу аймакта (Төө-Ашуу ашуусу, деңиз деӊ. 3200 м. бийиктикте) бийик тоолуу аймакта болушу – 12 саат (адаптациянын авриялуу стадиясы) баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана макро-микроциркулятордук подсистемаларынын функцияланышы каралды.

Баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана микроциркуляциясынын биологиялык адаптациясынын ишенимдүүлүгүн баалоо үчүн коллатералдык кан айлануунун (В. Д. Розвадовский боюнча субтоталдуу ишемиянын ыкмасы

(1985)) жана баш сөөк-мээ травмасынын (Y. Tang боюнча урма модели (1997)) эксперименталдык моделдери колдонулду. Глибенкламиддин бийик тоолуу аймактардагы мээ микроциркуляциясынын бузулушун оңдоо мүмкүнчүлүктөрү боюнча изилдөө жүргүзүлдү. Препарат (жаныбарлардын салмагынын 0,1 мг/кг дозасында микронизирлүү глибенкламид) жаныбарларга эксперименталдык моделдерди көбөйтүүдөн 12 саат жана 24 саат өткөндөн кийин берилген.

2.2. Изилдөөнүн ыкмалары

2.2.1 Микроциркуляциянын изилдөө ыкмалары. Микроциркуляцияны изилдөө үчүн кан тамырларга ийне саюу менен айкалыштырып микроскопиялык ыкма тандалып алынган. Кан тамырлуу нугунун ангиоархитектоникасын, анын кан тамырларынын геометриясын, кан тамырлардын санын ачып көрсөтүүгө, анын диаметрлерин, ирилеринен кичинекейлерине чейинки бурчтарынын кетүүсүн изилдөөгө мүмкүндүк берүүчү жалгыз гана ыкма болуп, жалпысынан микроциркуляциянын абалы тууралуу толук маалыматтарды берет. Даяр кесиндилер Ван Гизон боюнча гемотоксилин-эозин, пикрофуксин менен боелгон. Гистологиялык препараттар Olympus B×40 (Япония) микроскобунун жардамы менен изилденди. Морфометрияны Top View микроскопиялык обьектилерди өлчөө үчүн тиркеменин жардамы менен өткөрүштү.

2.2.2 «Ачык талаа» ыкмасы. Айбанаттардын функционалдуу абалы тууралуу эксперименттин 1- жана 3-суткасында «Ачык талаа» тестиндеги келемиштердин жүрүм-турумунун көрсөткүчтөрү боюнча байкашкан. Кыймылдык активдүүлүгү, болжолдоочу реакциясы, изилдөөчүлүк жүрүм-туруму катталган [Г. А. Захаров авт., 2011].

2.2.3 В. В.Сперанский боюнча булчуңдук күчүнүн (физикалык ишке жөндөмдүүлүгүнүн) изилдөө ыкмасы. Келемиштердин физикалык ишке жөндөмдүүлүгүнө функционалдык тестти С. В. Сперанскийдин ыкмасы боюнча өткөрдүк [А. А. Вишневский, 2007].

2.2.4 Баш мээнин тканындагы электролиттерди аныктоо ыкмасы. Электролиттердин өлчөмүн карынчалардын кан тамырлуу болушун баш мээнин участокторунда Г. А. Захаровдун модификациясындагы (2012) А. Г. Руммелдин жана А. Ф. Баженованын (1967) ыкмалары менен ПФМ-УХЛ 4.2. жалындуу фотометринде аныкташкан.

2.2.5 Алынган маалыматтардын статистикалык анализи SPSS 16.0. программасында өткөрүлгөн. Так маалыматтары болуп 95 % дан ашык маанилүү деңгээлдеги айырмачылыктар эсептелген ($P<0,05$).

3-бапта жеке изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана алардын талкууланышы көрсөтүлгөн. Бийик тоолуу аймактагы интакттык айбанаттарда баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана микроциркуляциясынын абалынын жыйынтыктарынын анализи, ошондой эле келип чыккан бузулууларын тууралоо ыкмаларынын жана микроциркуляциянын системасына жүктөлүүчү моделдеринин көрсөтүлүшүндө берилген. Бийик

тоолуу гипоксияга кан тамырлуу чиеленишинин компоненттеринин жана микродеңгээлде адаптациянын системасындагы ката кетишинин калыптанышына жооп берүү мүнөзү көрсөтүлгөн.

3.1 Бийик тоолуу аймакта келемиштердин кан тамырлуу чиелениши жана микроциркуляциясы. Бийик тоолуу аймакта баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин (БМКТЧ) диффузиялык аралыгынын көбөйүшүнө жана капиллярлардын кеңейишине болгон тенденциянын белгилениши аныкталды. Мында эпендимоциттердин гиперфункциясынын негизги субстраты катары клеткалардын органоиддеринин ички клеткалык ылайыкташкан регенирациясы кыйла өзгөрөт: эпендимоциттердин цитоплазмасынын көлөмү (3.1.2-таблица) жогорулайт, баш мээнин тканында Na^+ келиши өсөт (3.1.3-таблица).

3.1.2-таблица – Жапыз жана бийик тоолуу аймакта баш мээнин кан тамырлуу эпендимоциттеринин салыштырма маалыматтары (нм^3)

Көрсөткүчтөр / Бийиктик	Клетканын көлөмү	Ядронун көлөмү	Цитоплазманын көлөмү	ЯЦК
Жапыз тоолуу аймак	7583,2±379,8	520,5±25,5	7062,7±373,7	0,07±0,004
Бийик тоолуу аймак	26114,2± 1633,4^^^	658,1± 35,5^^	25456,07± 1627,7^^^	0,03± 0,002^^^

Эскертүү: ^^^Р<0,001; ^^Р<0,01; ^Р<0,05. ^ Бийик тоолуу аймактардагы айбанаттардын эпендимоциттеринин өлчөмдөрүнүн айырмачылыктары жапыз тоолуу аймактагы айбанаттардын маалыматтары менен анык.

3.1.3-таблица – Жапыз жана бийик тоолуу аймактардагы баш мээнин электролиттик (ммоль/100г)

Көрсөткүчтөр / Топтор	Na^+	K^+	K/Na
Жапыз тоолуу аймак	10,9±0,2	35,05±1,1	3,2±0,7
Бийик тоолуу аймак	16,4±0,6^^^	35,4±1,2	2,2±0,09^^^

Эскертүү: ^Р<0,05, ^^Р<0,001, ^^^Р<0,001. ^ Бийик тоолуу аймактардагы тажрыйбалардан алынган маалыматтардын ортосундагы айырмачылыктар жапыз тоолуу аймактардагы тажрыйбаларга караганда анык.

Бул жылыштарга ылайык психоэмоционалдык реакцияларынын жана кыймылдык активдүүлүгүнүн төмөндөшүнүн, дефекация актынан тышкары өзгөрүү тенденциясы байкалат.

3.2 Жапыз тоолуу аймактагы субтоталдык ишемияда баш мээнин кан тамырлуу чиелениши жана микроциркуляциясы. Жапыз тоолуу аймактагы БМСИны калыбына келтирүү ыкмасы менен функционалдык жүктөлүүшүндө БМКТЧинин кан тамырлуу торлорунун ортосундагы анаматоздордун активдешүүсү менен коштолуп, анын диффузиондук аралыгынын көбөйүшү менен (3.2.1-таблица) функцияланууучу капиллярларынын диаметрлеринин ичкериши байкалат. Мындан БМКТЧинин кан тамырлуу торлорундагы кандын

жылып жүрүшү билатериалдык окклюзиянын (БОЖУБА) жалпы уйку артерияларынан кийин дагы сакталып кала берет.

3.2.1-таблица – Жапыз тоолуу аймактагы анын субтоталдык ишемиясында баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин капиллярларынын диффузиондук аралыгынын жана диаметринин өзгөрүшү (нм)

Көрсөткүчтөр / Топтор	Капиллярлардын диаметри	Диффузиондук аралыгы
Дени сак айбанаттар	23,84±0,3	28,5±0,5
БМСИ менен айбанаттар	11,4±0,4***	31,5±1,1*

Эскертүү: ***P<0,001; **P<0,01; *P<0,05. * Капиллярлардын диффузиондук аралыгынын жана диаметринин айырмачылыктары БМИсы менен жабыркаган айбанаттардын жана дени соолордун ортосундагы маалыматтар анык.

БМИсында ядролук компонентинин көбөйүп кетишинин эсебинен 78% га(P<0,001) эпендимиалдык клеткасынын көлөмү 3,6 эсеге жана текшерүүдөгү топтун маалыматтары менен салыштырмалуу цитоплазманын клеткасы 280% га (P<0,001) жогорулайт. Натыйжада ядролук-цитоплазмалык мамиле (ЯЦМ) баштапкы чоңдугунан (P<0,01) 43% га төмөндөйт.

Бул өзгөрүүлөр нормадагы кургак массасынан 10,9±0,2 ммоль/100гдан 23,2±1,7 ммоль/100г (P<0,001)го чейин мээнин ткандарында Na^{+}тун жогорулашы менен коштолот, 47%га өз ара байланышынын K/Naнын төмөндөшүнө алып келет.

Макроциркулятордук подсистемада булчуң-эластикалык типтеги артериялар түйүлүп калат, алардын интимасы жыйрылып, калыңдайт, бул коллатералдар боюнча агып келген канды түртүүнү камсыз кылат.

Анын редукция шарттарында кандын жылып жүрүшүнүн үзгүлтүксүздүүлүгүн камсыз кылууга багытталган компенсатордук мааниге ээ болуучу эндотелийдин астыңкы катмарынын пролиферациясынын процесси башталат.

Кандын жылып жүрүшүнүн редукциясына булчундуу типтеги артериянын микроциркулятордук подсистемасында жылчыктын кескин жукарышы жана кан тамырлуу капталдарынын калыңдашы менен жооп берет. Натыйжада адаптивдүү мааниге ээ болуучу бириктиргич типтин кан тамырлары калыптанат. Бир эле мезгилде вакуолдордун жана жылчыктардын пайда болушу менен кан тамырдын капталынын жумшарышы белгиленет. Аталгандар дистонияга, атонияга, облитерацияга, микроангиопатияга, микроциркулятордук нуктун (МЦН) стенозуна жана арреактивдүүлүгүнө алып келет да, мээнин кан айланышынын ауторегуляциясынын механизмдерин бузат.

БОЖУА (БООСА) жапыз тоолуу аймактагы айбанаттардын интакттык айбанаттардын маалыматтарына салыштырмалуу сырткы квадраттары боюнча локомотордук активдүүлүгүнүн 4,5 эсеге (P<0,001) төмөндөшүнө алып келет. Талаанын борборуна чыгуулардын саны 3,1 эсеге (P<0,01),эки буттап тик турууларынын саны 58% га (P<0,001) кыскарат, жандаган кыймылдарынын саны (груминг) 52 % га(P<0,01) азаят. Айбанаттардын эмоционалдык күчтөнүүсү

жогорулап, дефекация актыларынын 10 эсеге (P<0,001) ылдамдатылышы көрсөтүлөт. Булчундуу күчү төмөндөйт жана 10,8±0,7 көзөмөлдөгү топтогудан 3,6±0,4 (P<0,001) түзөт.

3.3 Бийик тоолуу шарттарда субтоталдык ишемиясындагы баш мээнин кан тамырлуу чиелениши жана микроциркуляциясы. Бийик тоолуу аймактагы БМСИсынын капиллярлары баш мээнин субтоталдык ишемиясын калыбына келтирүү ыкмасы менен функционалдык жүктөлүүнү көрсөтүүдө ичкерет, ал эми алардын диффузиондук аралыгы (3.3.1-таблица) бийик тоодо бирдей убакытта болгон интакттык айбандардан алынган маалыматтарга салыштырмалуу жогорулайт.

3.3.1-таблица – Бийик тоолуу аймактагы баш мээнин субтоталдык ишемиясындагы БМКТЧинин капиллярларынын диаметри жана диффузиондук аралыгы (нм)

Көрсөткүчтөр / Топтор/айбанаттар		Капиллярлардын диаметри	Диффузиондук аралыгы
Жапыз тоолуу аймак	Интакттык	23,84±0,3	28,5±0,5
	БМСИ	11,4±0,4***	31,5±1,1*
Бийик тоолуу аймак	Интакттык	25,3±1,06	29,6±0,5
	БМСИ	16,4±0,5***^^^	32,06±0,9**

Эскертүү: ***P<0,001; **P<0,01; *P<0,05. * Баш мээнин субтоталдык ишемиясы менен жана соо айбанаттардын маалыматтарынын ортосундагы айырмачылыктар анык. ^^^P<0,001; ^^P<0,01; ^P<0,05. ^ Жапыз тоолуу аймактагы натыйжалар менен салыштырмалуу бийик тоолуу аймакта алынган маалыматтардын ортосундагы айырмачылыктар дал келет.

Бийик тоолуу аймакта БМИсында БМКТЧнин кан тамырларынын кайрадан калибрлеришүүсү аныкталат. Мындай нерсе гиперфункциянын негизин жана БМКТЧнин кан тамырлуу негизинин гипертрофиясын, айрыкча БМКТЧнин эпендимиалдык кабы бийиктиктин төмөндөшүнүн жана эпендимоциттердин кеңдигинин көбөйүшүнүн натыйжасында тыгыздалат да (3.3.2-таблица), эпителийдин апикалдык жана базатериалдык бетинин кеңейишине алып келет.

3.3.2-таблица – Жапыз тоолуу аймакта алынган маалыматтарга салыштырмалуу бийик тоолуу шарттарда баш мээнин субтоталдык ишемиясындагы эпендимоциттердин өзгөрүшү (нм^3)

Көрсөткүчтөр / Топ		Клетканын көлөмү	Ядронун көлөмү	Цитоплазманын көлөмү	ЯЦК
Жапы	Көзөмөл	7583,2±379,8	520,5±25,5	7062,7±373,7	0,07±0,004
	БМСИ	27805,2± 2603,4***	927,7± 74,4***	26877,5± 2568,6***	0,04± 0,004***
Бийикто	Көзөмөл	26114,2± 1633,4^^^	658,1± 35,5^^	25456,07± 1627,7^^^	0,3± 0,002^^^
	БМСИ	38776,9± 2301,4***^^	2441,1± 148,8***^^^	36335,8± 2230,8***^^	0,07± 0,005***^^

Эскертүү: ***P<0,001; **P<0,01;*P<0,05. * Интакттык айбанаттардын жыйынтыктары менен салыштырмалуу БМИсындагы алынган маалыматтардын ортосундагы айырмачылыктар анык. ^^^P<0,001; ^^P<0,01; ^P<0,05. ^ Бийик тоолуу жана жапыз тоолуу аймактардагы окшош тажрыйбалардын ортосундагы айырмачылыктар дал келет.

Бийик тоолуу аймакта БМСИсы соо айбандар менен маалыматтары менен салыштырмалууВ условиях высокогорья Na^+ тун деңгээлинин 2 эсеге өсүшүнө алып келет жана 16,4±0,6 ммоль/100г дын ордуна 33,8±2,4 ммоль/100г (P<0,001) ды түзөт. Бир эле мезгилде K^+ тун деңгээли 25% (P<0,001) га өсөт да, баштапкы көрсөткүчүнөн K/Na нын өлчөмүнүн 40% га төмөндөшүнө алып келет.

Бийик тоолуу аймакта микроциркулятордук подсистемадагы ремоделдештирүү кан тамырдын капталынын эндотелиалдык, булчуңдуу жана адвенциалдык челин, паравазалдык чөйрөсүн, кандын реологиясын тийип өтөт жана даана байкалган гетерогендик мүнөзгө ээ. Кан тамырлардын биринин жылчыгында кандын стазы, экинчисинде лейкоциттердин капталга жабышуусу, үчүнчүсүндө ийне саюунун үзүлмө тушу, төртнчүсүндө – тромбдор, бешинчисинде – жөн гана боштуктар байкалат. Кээ бир кан тамырларда облитерациянын кесепетинен жылчык көрүнбөйт, ал эми башкаларында ал гипотониянын жана атониянын себебинен укмуштуу формаларды кабыл алат.

Баш мээнин микроциркуляциясынын капиллярдык звенонун деңгээлинде кан тамырлардын такыр эле бош болгондугу, клеткалык элементтер менен коюуланган же кандын уюган плазмасы байкалат. Ушуну менен бирге бүтүн кандуулугу бар функциялашкан капиллярлар кездешет. Паравазалдык чөйрө мээнин ткандарынын лейкоциттер, шишиктүү суюктуктар менен жакын жайгашышынын инфильтрациясы мүнөздөлөт.

Табылган өзгөрүүлөр айбандардын этиологиясына таасирин тийгизет. Келемиштерде локомотордук активдүүлүгүнүн сырткы квадраттары боюнча 62% га (P<0,001), талаанын борборуна чыгуулары - 90% га(P<0,01), грумингдин – 25%га (P<0,01) төмөндөшү орун алат; эки буттап туруууларынын саны - 63% га(P<0,01), ийинге кирүүлөрү - жапыз тоолуу аймактатагы интакттык айбандардын маалыматтары менен салыштырмалуу 14% га көбөйдү; ал эми булчуңдуу күчү 54% га(P<0,001) төмөндөөдө.

3.4 Жапыз тоолуу шарттардагы субтоталдык ишемияда баш мээнин кан тамырлуу чиеленишинин жана микроциркуляциясынын абалына глибенкламиддин таасири. Глибенкламид капиллярлардын диаметринин 69% га (P<0,001) анык чоңоюшуна алып келет да, мында капиллярлардын диффузиондук аралыгы препаратты колдонбогон тажрыйбалардын маалыматтары менен салыштырмалуу 10% га (P<0,05) төмөндөйт. Мында БМКТЧинин капиллярлары кадимкидей түзүлүшүн сактайт, жылчык кан менен бир калыпта толгон кандайдыр бир гемореологиялык четтеп кетүүлөр байкалбайт.

Глибенкламид БМКТЧинин эпителийин модификациялайт (3.4.1-таблица).

3.4.1-таблица – БМСИсындагы баш мээнин карынчаларынын кан тамырлуу чиеленишинин (эпендимоциттердин) клеткалык компонентине глибенкламиддин таасири (нм^3)

Топтор / Көрсөткүчтөр	Глибенкламидди колдонбой	Глибенкламидди колдонуу менен
Клетканын көлөмү	27805,2±2603,4	28502,3±1315,7
Ядронун көлөмү	927,7±74,4	705,8±53,02*
Цитоплазманын көлөмү	26877,5±2568,6	27796,4±1309,4
ЯЦК	0,04±0,004	0,03±0,002*

Эскертүү: ***P<0,001; **P<0,01; *P<0,05. * Глибенкламидди колдонуу менен жана колдонбой тажрыйбалардын ортосундагы айырмачылыктар анык.

Ядро көлөмүнүн олуттуу төмөндөшүнө караганда, эпендимоциттер БМСИде глибенкламид колдонууда азыраак чыңалуу менен иштейт.

Макроциркуляциянын подсистемасында глибенкламиддин натыйжасы булчуң эластикалык типтеги артериялардын түйүлүшүнүн азайышы, эндотелийдин алдындагы катмарынын пролифекациясы, эндотелийдин бүтүндүгүнүн бузулушу жана кан тамырлуу капталынын медиясынын шишиги менен белгиленет.

Препарат SUR1-TRPM4 каналдарынын блокадасы менен байланыштуу болгон БНСнын глиалдык клеткаларында жана нероциттердин шишигинин андан ары өнүгп кетиши менен Na^+ тун (3.4.2-таблица) артынан хлордун жана суунун иондорунун келип түшүшүнөн алдын ала сактайт [J. M. Simard et al., 2017].

3.4.2-таблица – Жапыз тоолуу аймактагы БМСИсында баш мээнин тканындагы Na^+, K^+ и K/Na коэффициентинин концентрациясына глибенкламиддин таасири (ммоль/100г)

Топтор / Көрсөткүчү	Жапыз тоолуу аймак		
	Текшерүү	Фармакологиялык тууралоосуз	Фармакологиялык тууралоо менен
Na^+	10,9±0,2	23,2±1,7	11,01±0,4***
K^+	35,05±1,1	38,4±1,5	33,6±3,07
K/Na	3,2±0,7	1,7±0,1	3,06±0,2***

Эскертүү: *P<0,05, **P<0,001, ***P<0,001. *Глибенкламидди колдонуу жана колдонбоо менен маалыматтардын ортосундагы айырмачылыктар анык.

Көрсөтүлгөн өзгөрүүлөр айбанаттардын жүрүм-турумдук активдүүлүгүнө жана ишке жөндөмдүүлүгүнө таасирин берет жана глибенкламиддин таасири менен модификацияланат (3.4.3-таблица).

3.4.3-таблица – БМСИсындагы келемиштердин кыймыл-аракеттик, жүрүм-турумдук жана психоэмоционалдык активдүүлүгүнө глибенкламиддин таасири (M±m)

Топтор / Көрсөткүчтөр	БМИ	
	Препаратты колдонбой	Препаратты колдонуу менен
Сырткы квадраттар	8,4±1,3	24,7±2,9***
Ички квадраттар	0,7±0,2	2,2±0,5*
Эки буттап туруулар	2,0±0,3	4,5±0,7**
Ийинге кирүүлөр	2,3±0,4	5,0±0,8**
Груминг	1,7±0,3	3,6±0,6*
Дефекация	4,0±0,7	0,8±0,4***
Ишке жөндөмдүүлүк	3,6±0,4	8,4±0,9***

Эскертүү: *P<0,05, **P<0,01, ***P<0,001 Салыштыруу топтордогу маалыматтар анык.

3.5 Бийик тоолуу аймактагы ишемияда баш мээнин кан тамырлуу чиеленишине жана микроциркуляциясына глибенкламиддин таасири. Глибенкламид БМКТЧинин эпендимиалдык кабына маанилүү таасирин тийгизет (3.5.1-таблица).

3.5.1-таблица – Бийик тоолуу аймакта БМСИсындагы баш мээнин карынчаларынын кан тамырлуу эпендимоциттерине глибенкламиддин таасири (нм^3)

Топтор / Көрсөткүчтөр	Жапыз тоолуу аймак		Бийик тоолуу аймак	
	Тууралоого чейин	Тууралоодон кийин	Тууралоого чейин	Тууралоодон кийин
Клетканын көлөмү	27805,2± 2603,4	28502,3± 1315,7	38776,9± 2301,4	19296,6± 1176,5***
Ядронун көлөмү	927,7± 74,4	705,8± 53,02*	2441,1±148,8	1465,9± 110,3***
Цитоплазманын көлөмү	26877,5± 2568,6	27796,4± 1309,4	36335,8± 2230,8	17830,7± 1128,3***
ЯЦК	0,04± 0,004	0,03±0,002*	0,07±0,005	0,08±0,004

Эскертүү: ***P<0,001; **P<0,01; *P<0,05. *Препаратты колдонбой турган натыйжалары менен салыштырмалуу фармакологиялык тууралоо менен топтогу айырмачылыктар анык.

Мээнин кан тамырлуу нугунун микроциркулятордук подсистемасында кандын жылып жүрүшүнүн редукциясы жыныс органдарынын калыңдашына, субэндотелиалдык катмардын пролиферациясына жылмакай булчуңдуу клеткалардын мейкиндик түзүлүшүнүн кайрадан багытталышына алып келет.

Глибенкламидди колдонуу айбандардын жүрүм-турумдук активдүүлүгүнө оң таасирин тийгизет. Айбандарда глибенкламиддин таасиринде тууралоосуз айбандар менен салыштырмалуу локомотордук активдүүлүгү 133% га (P<0,001) өсөт, эки буттап туруууларынын саны аталган топто 3 эсеге, груминг – 4,3 эсеге (P<0,05) көбөйөт; келемиштердин ишке жөндөмдүүлүгү 2,6 эсеге (P<0,001) жогорулайт.

